УДК: 9:94 (5)

Кангелдиев Б.С., Ибраев Ч.Т.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ИЛИМ ӨНҮККӨНГӨ ЧЕЙИН КЫРГЫЗДАРДЫН ӨЛЧӨМ БИРДИКТЕРИ ЖАНА ЭСЕП ЧОТУ

*Бул макала мурунку заманда б.а.илим өнүккөнгө чейинки мезгилде кыргыз эли турмушта, күндөлүк тиричиликте колдонуп келген, азыркы учурда унутулуп бара жаткан өлчөм бирдиктери, эсеп чоту жөнүндөгү маалыматтарды чагылдырат*

Кыргыздарда байыркы убакта чен өлчөм, эсеп чотко болгон муктаждык, алардын жогору өнүккөн коомдук өндүрүштүн жана коомдук социалдык ажырымынын шарттарында пайда болгон.

Кыргыз элинде ушул убакытка чейин өлчөмдөрдүн, эсептөөнүн бир нече системасы сакталып, колдонулуп келүүдө.

Эмгек ишмердүүлүгүнүн процессинде элдер ар бир нерсенин ар кандай касиеттерин үйрөнүшкөн.

Мейкиндик, узундук, бийиктик, убакыт, ылдамдык, күч жана башка нерселер байыркы элдердин күндөлүк турмуштагы түшүнүгүнөн азыркы замандагы дене тарбия илимине өтүп кетти. Жер иштетүүнүн, мал чарбачылыктын, сооданын өнүгүшү менен аларга тиешелүү түшүнүктөр жана аралык, узундук, калыңдык, өлчөмдөрү, суюктук өлчөмү, катуу нерселердин салмагынын өлчөмү келип чыккан.

Кыргыздардын көчмөн жашоосу, шаар цивилизациясынан обочо болушу, сооданын, жер иштетүүнүн начар өөрчүшү, бул өлчөмдөрдүн эң жөнөкөйлүгүн шарттаган. Биринчилерден болуп, өлчөмдүн эталону катары колдун узундугу, кадам же бармак менен сөөмөйдүн жазылган аралыгын эсептешкен.

Кыргыз элинин тээ мурунку майда өлчөм бирдиктерин карап көрөлү. Мисалы, казы майдын калыңдыгын төмөнкүдөй айтышкан: «кылдай», «бычактын мизиндей», «ийненин сабындай», «бычактын сыртындай». Нерсенин узундугун, калыңдыгын төмөнкүдөй айтышкан: «чыпалактай», «бармактай», «кийиздин калыңдыгындай», «таман эли». Андан тышкары адамдын денесинин бөлөк бөлүктөрү да өлчөм каражаты катары колдонулган, жоондугу «бир тутамдай», «билектей», «сандай», «кишинин белиндей», «өгүздүн белиндей» ж.б. Узундук бирдиги болуп: «карыш» - жазылган бармак менен ортондун аралыгы, «сөөм» - бармак менен сөөмөйдүн ортосундагы аралык, «укум карыш»- бармак менен жарым түйүлгөн сөөмөйдүн аралыгы эсептелген. Мындай өлчөм менен шыргый, боз үйдүн жыгач буюмдары, кездемелер өлчөнгөн. Ал тургай казандын көлөмүн да карыш менен ченешкен. Эң чоң казан 12 карыш болгон. «Эр Төштүк» эпосунда кырк кулактуу сыйкырдуу казан жөнүндө айтылат.

«Кырк кулак казан бар экен
Кырк кулагы кырк жакка
Тилек тилеп ачылган».

Булардан бөлөк төмөнкүдөй узундук өлчөмдөрү да колдонулган. «Чыканак» - чыканактан жазылган манжалардын ортосундагы аралык, «кары» - чыканактан, ийинге чейинки аралык. «Төш жарым» - сунулган колдун аягынан, төштүн ортосуна чейинки аралык. Бул чен өлчөм кездемелердин өлчөмүн алганда колдонулган. «Кулач» - эки жакка сунулган колдордун ортосундагы аралык. Кулач менен кыргыздар арканды, уук, жаа, көгөндүн узундугун, зындандын тереңдигин, чептин бийиктигин ченешкен.

Кээде бир кадам, эки аттам, чен өлчөмдөрү колдонулган. Аңчылар үчүн байыртадан бери узундук бирдиктери болуп: «бир бута атым» - 100 метрге жакын, «эки бута атым» - 200 метрге ж.б. эсептелген. Адамдын үнү угулганга чейинки аралык «чакырым» деп аталган. Бул болжолдуу 1000 метр. Кыргыздар болжолдуу 8 километрге барабар аралыкты «таш» узундук өлчөмү менен аныкташкан. Манас эпосунда:

«Чымылдык кылган камышы

Беш таш жерге угулуп
Безилдеген дабышы»- деп айтылат.

Аралыкты кыргыздар тамак - аш даяр болгонго кеткен убакыт менен дагы ченешкен. Мисалы, «чай кайнам» - кумган болжолдуу 30-40 мүнөттө кайнайт, «эт бышым» - эт болжолдуу 2,5-3 саатта бышат.

Элдердин убакыт аркылуу аралыкты аныкташы бул мейкиндик менен убакыттын өз ара байланышын чагылдырат.

Алыскы аралыктар төмөнкүдөй чен өлчөмдөр менен белгиленген: «тай чабым» - болжолдуу 3 километр, «кунан чабым» - 5-7 км, «ат чабым» - 25-30км.

Көп учурда аралыкты көз өлчөм менен аныкташкан. Бул жагдайда алыскы тоолор, аскалар, дарыя, дөңсөөлөр аркылуу болжолдоп билишкен. Жакынкы аралыкты боз үй, бак-дарак, жайылып жүргөн мал аркылуу болжолдошкон. Кыргыздар аянттын: мисалы, боз үйдүн, жердин, жайлоонун, чабыштардын көлөмүн аныктоодо төмөнкүдөй өлчөмдөрдү колдонгон. «Таш кароо» - таштан жасалган короо аркылуу, «чырпык короо» - койлор үчүн чычырканак, чырпыктан жасалган короо ж.б.

Эң жөнөкөй: «алакандай», «үйдүн ордундай», «танап теше» - бир гектардын 1/6 бөлүгү сыяктуу бирдиктерди колдонушкан.

Бийиктик өлчөмдөрү кыргыздарда дээрлик өнүккөн эмес. Бул бийик курулуштардын болбогондугу менен шартталган. Күндөлүк тиричиликте: «тушардан» - ат тушалганда тушамышка чейинки, «тизе бою» - тизеге чейинки бийиктик, «киши бою» - адамдын боюна карата, «кереге бою» - керегенин бийиктигине карата, «үй бою бийик», «төө бою», «киши бою, терең», «төө бою аң», «укурук бою терең», «аркан бою бийик», сыяктуу чен өлчөмдөрдү колдонушкан.

Кыргыздарда дубалдын бийиктигин аныктаган эски өлчөм «бакса» болгон. «Манас» эпосунда Коңурбайдын, Манастан качып бара жатканда аты Алгара бийиктиги 60 бакса дубалды эч кыйналбай секирип кеткендиги жөнүндө айтылат. 1 бакса 7 см барабар.

«Арам өлгөн Алгара ат
Адат кылган мурунтан
Алтымыш бакса дубалдан
Арыштан чуркап кеткени».

Тоолордун бийиктиги жөнүндө: асман же көк тиреген тоо деп айтышкан.

Кыргыздарда салмакты өлчөө өзгөчө болгон. Эттин өлчөмүн: «бир кесим эт» же «кол кесер», «бир сан эт», «бир жамбаш эт», «бир далы эт», «бир козунун эти», «бир койдун эти» деп аныкташкан. Эми чубурма жана суюк нерселерди төмөнкүдөй аныкташкан: «кымындай», «таруудай», «тырмактын агындай», «бир чымчым», «бир ууч», «бир кочуш», «бир кашык», «бир чөйчөк», «бир аяк».

Дыйкандарда салмакты өлчөөдө «байс» деген бирдик колдонулган. 1-байс арпанын 100 данынын салмагына барабар болгон. 100 байс -3 кг данды түзгөн.

Дандын көлөмү кап менен да өлчөнгөн. Эң чоң кап кулундун бою менен тең болуп, «тай кап» деп аталган. Анын салмагы 12 пудка барабар болгон.

Кичине көлөмдөгү «кой кап» - койдун бою менен тең болуп, 6-7 пуд дан баткан. Мындан тышкары «куржун», «баштык», «тулуп», «этек», «ууч», «кочуш» - деген аталыштагы чен өлчөмдөр колдонулган. Жер иштеткендер данын сактоо үчүн оро казышкан. Оронун терендиги 1-1,5 метр туурасы 1 метр болгон.

Суюк нерселерди кыргыздар мисалы, айранды чака, кымызды - саба, көнөк, челек менен өлчөшкөн. Эң чоң идиш табак болгон. Ага эт тартышкан. Бардык бул өлчөмдөр адамдардын бири – бири менен алыш-бериш мамилесинде, колдонулган. «Бир кулак суу» - деп сууну өлчөшкөн.

Ар бир эл өзүнүн тарыхый жолун басып өткөн. Анын жүрүшүндө улуттук өз алдынчалык жагдай түзүлгөн. Элдин түзүлүшүнө сырткы таасирлер чоң өбөлгө болорун тарых тастыктап келе жатат. Улуттар аралык байланыш, элдердин ортосундагы алака,

элдин руханий турмушундагы чоң өзгөрүүлөргө, руханий турмуштун байышына, курчап турган чөйрө жөнүндөгү маалыматтардын кеңейишине алып келүүчү негизги факторлордун бири болуп саналат. Мындай таасир кыргыздардын илим өнүккөнгө чейинки өлчөм бирдиктери эсеп, чотунда байкалат. Кылымдардан бери келе жаткан кыргыздардын жогорудай эсеп чоту, өлчөм бирдиктердин азыркы илим менен технологиянын зор өнүгүү шарттарында да эл арасында унутулбай колдонулуп келе жатат.

Адабияттар:


1. Тоголок Молдо. Эки томдук жыйнак. -Т. I. -Фрунзе, 1970, 236 б.
2. «Эр Төштүк». -Фрунзе, 1969, 240 б.
3. Манас 2. -Фрунзе, 1980, 390 б.
4. Байбосунов А. Донаучные представление киргизов о природе. –Фрунзе, 1990.